**Мамлекеттик казына облигациялар рыногу**

*(2018-жылдын март айы)*

Отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган мамлекеттик казына облигацияларын (мындан ары – МКО) баштапкы рынокто жайгаштыруу боюнча 2 аукцион өткөрүлгөн.

Мамлекеттик казына облигациялар рыногунда жүгүртүү мөөнөтү 2 жана 5 жыл болгон баалуу кагаздар сунушталган. МКОнун жарыяланган эмиссиясынын жалпы көлөмү ай ичинде 18,2 пайызга көбөйүү менен 1,3 млрд сомду түзгөн. Мында, МКОго карата суроо-талап отчеттук мезгил ичинде 4,3 млрд сомду түзүү менен өсүү тенденциясын уланткан. Ушуну менен бирге эле, сатуунун жалпы көлөмү өткөн айдагы баалуу кагаздын кошумча жайгаштыруусун эске алганда, 1,1 млрд сомго (-52,6 пайызга) чейин төмөндөгөн. Аукциондордун жыйынтыгында катышуучулар тарабынан 338,0 млн сом суммасында 8,5 пайыз орточо салмактанып алынган чен боюнча 2 жылдык МКО жана 800,0 млн сом суммасында 12,4 пайыз орточо салмактанып алынган чен боюнча 5 жылдык МКО сатылып алынган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКО боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү 11,2 пайыз деңгээлинде белгиленген, бул өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 2,3 п.п. аз.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгында жүгүртүүдө МКО көлөмү жыл башынан тартып 23,3 пайызга, 29,3 млрд сомго чейин көбөйгөн. МКОго ээлик кылуучулар түзүмүндө 57,4 пайызы менен институционалдык инвесторлор, 31,6 пайызы менен коммерциялык банктар олуттуу үлүштү ээлеген, юридикалык жактар-резидент эместердин салыштырма салмагы 10,5 пайызды жана юридикалык жактар-резиденттердин – 0,5 пайызды түзгөн.

МКОнун жалпы портфелинин концентрациялануу индекси 0,28 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүү менен рынокто төрт негизги инвестордун катышкандыгына дал келет.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКОну сатып алуу/сатуу боюнча операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКОго карата суроо-талаптын, сунуштун жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**



**2-график. МКО боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүлүктүн динамикасы**




* -кошумча жайгаштыруулар

**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКОго ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвесторлор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | | Резидент жеке жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.04.2017 | 15 242 261,3 | 6 093 383,8 | 40,0 | 9 032 864,5 | 59,3 | 116 013,0 | 0,8 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.05.2017 | 16 042 261,3 | 6 658 175,0 | 41,5 | 9 271 073,3 | 57,8 | 113 013,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.06.2017 | 17 002 261,3 | 7 025 135,2 | 41,3 | 9 854 005,1 | 58,0 | 123 121,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.07.2017 | 17 492 261,3 | 7 036 419,6 | 40,2 | 10 332 720,7 | 59,1 | 123 121,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.08.2017 | 18 731 111,3 | 7 140 239,8 | 38,1 | 11 465 900,5 | 61,2 | 124 971,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.09.2017 | 19 307 011,3 | 7 444 739,8 | 38,6 | 11 721 900,5 | 60,7 | 140 371,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.10.2017 | 19 706 511,3 | 7 783 243,8 | 39,5 | 11 772 310,9 | 59,7 | 150 956,6 | 0,8 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.11.2017 | 20 005 021,3 | 7 826 710,3 | 39,1 | 12 027 354,4 | 60,1 | 150 956,6 | 0,8 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.12.2017 | 22 634 744,5 | 8 124 965,0 | 35,9 | 14 357 696,9 | 63,4 | 152 082,6 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.01.2018 | 23 748 352,5 | 8 499 917,1 | 35,8 | 15 095 715,8 | 63,6 | 152 719,6 | 0,6 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.02.2018 | 26 188 852,5 | 8 586 247,0 | 32,8 | 15 402 051,2 | 58,8 | 151 735,4 | 0,6 | 2 048 818,9 | 7,8 | 0,0 | 0,0 |
| 01.03.2018 | 28 438 852,5 | 9 114 090,4 | 32,0 | 16 232 624,6 | 57,1 | 3 092 137,5 | 10,9 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.04.2018 | 29 274 352,5 | 9 265 213,6 | 31,6 | 16 790 124,6 | 57,4 | 152 746,0 | 0,5 | 3 066 268,3 | 10,5 | 0,0 | 0,0 |